*Бабаева А.Д. Токторова А.Э.*

# ЖОЖДУН СТУДЕНТТЕРИНИН НРАВАЛЫК-УКУКТУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Бабаева А.Д. Токторова А.Э*

# ФОРМИРОВАНИЕ НРАВСТВЕННО-ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ ВУЗА

*A.D. Babaeva, A.E. Toktorova*

# FORMATION OF MORAL AND LEGAL CULTURE OF UNIVERSITY STUDENTS

*УДК: 378.034/126*

*Макала ЖОЖдун студенттеринин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруу жөнүндө жазылган. Ошондой эле студенттердин өзүн-өзү башкаруу уюму жана кураторлук иш каралган. Анткени, жогорку окуу жайдын чөйрөсүндө түзүлүп, иштеп жаткан өзүн-өзү башкаруу ал чөйрөгө өзгөчө сапатты – андагы субъектилерге өзүн-өзү башкаруу жөндөмүн берет. Өз алдынча иш чараларды пландаштыруу, уюштуруу жана өткөрүү өз алдынча иштөө жөндөмүнө өрчүтүп, долбоорлорду өз алдынча иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүнө жеткирип, аны өркүндөтүү себептери көрсөтүлгөн. Макалада студенттик өзүн-өзү башкаруу тарбиялык эле мааниге ээ болбой, социомаданий мазмунду да ала жүргөндүгү боюнча да белгиленген. Бул эки ресурстун биргелешкен түйүнү жаштардын инновациялык потенциалын пайдалануудан, биринчи, жогорку окуу жайда өзүн-өзү өнүктүрүүгө, экинчиден, инновациялык организм катары өнүгүүгө жетишет деген пикирге келгенбиз.*

***Негизги сөздөр**: студенты, нарвалык-укуктук маданият, педагог, коом, жоопкерчилик, кылмыштуулук, зомбулук, башкаруу.*

*Данная статья посвящена формированию нравственно-правовой культуры студентов вуза. А также рассматривается роль студенческого самоуправления и кураторства в вузе. Так как самоуправление придает вузовской среде важное качество – способность его субъектов к самоуправлению, к обеспечению условий для эффективного социального партнерства субъектов образовательного пространства вуза. Уделяется вниманиепланированию, организации, самостоятельному проведению мероприятий развивают способность работать самостоятельно, разрабатывать и управлять проектами. В статье отмечается, что студенческое самоуправление имеет не только воспитательный исоциокультурный смысл, это важнейший двуединый ресурс привлеченияинновационного потенциала молодежи, во-первых, к развитию себя в вузе и, во-вторых, развитию вуза как инновационного организма. Мы пришли к выводу, что эти два потенциала приводят, во-первых, к самосовершенствованию над собой и, во-вторых, инновационному развитию в обществе.*

***Ключевые слова**: студенты, нравственно-правовая культура, педагог, общество, ответственность, преступление, насилие, управление.*

*This article is devoted to the formation of the moral and legal culture of university students. The role of student self-government and supervision at the university is also considered. Since self-government gives the university environment an important quality - the ability of its subjects to self-government, to provide conditions for effective social partnership of the subjects of the educational space of the university. Attention is paid to planning, organizing, organizing events independently; they develop the ability to work independently, develop and manage projects. The article notes that student self-government has not only an educational and sociocultural sense, it is the most important dual resource for attracting the innovative potential of young people, firstly, to develop themselves in a higher educational institution and, secondly, to develop a higher educational institution as an innovative organism. We concluded that these two potentials lead, firstly to self-improvement over themselves and secondly to innovative development in society.*

***Key words:** students, university, moral and legal culture, teacher, society, responsibility, crime, violence, management.*

Азыркы учурда студенттердин нравалык-укуктук маданиятынын деңгээлинин төмөндүгүнүн негизги себептеринин бири болуп, биздин көз карашыбызда, окутуучулардын жана түздөн-түз жетекчилердин, айрыкча, ЖОЖдордогу кураторлордун таалим-тарбия багытындагы милдетин жетиштүү аткарбагандыгы болуп саналат.

Мунун өзү алардын студенттерге жеткиликтүү көңүл бурбагандыгын, студенттердин көйгөйлөрүнөн, кызыкчылыктарынан, ж.б.у.с. кабары жок экендигин айгинелейт. Студенттерге болгон мындай мамиленин жыйынтыгы менен, аларда кандайдыр бир сапатты калыптандыруу мүмкүн эмес экендиги талашсыз.

ЖОЖ – бул студенттердин жашоо ишмердигиндеги маданий борбор экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Жогорку окуу жайдын чөйрөсү социалдык чөйрөнүн маанилүү компоненттеринин бири болгондуктан, анда билим алып жаткандардын нравалык-укуктук маданиятын калыптандырууда педагогикалык потенциал абдан жогору болушу шарт. Студенттердин көз карашын, дүйнө таанымын калыптандырууга таасир бере турган факторлор көп болгондуктан, биздин көз

карашыбызда, ЖОЖ чөйрөсүндө таалим-тарбия потенциалын жогорулатуу - кырдаалды турукташтырууга негиз болот.

Ушул багыттан алып караганда, ар бир ЖОЖдун таалим-тарбия багытындагы алгачкы тапшырмасы болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- кылмыштуулукту жана коомдогу зомбулукту төмөндөтүүгө биргеликте аракеттенүү, студенттердин нравалык-укуктук аң-сезиминин деңгээлин жогорулатууну, социалдык көйгөйлүү маселелердин алдын алууну, студент жаштардын чөйрөсүндөгү жана жалпы коомдогу адепсиз жүрүм-турумду жөнгө салууну биринчи курстан күчөтүү;
- нравалык-укуктук түзүлүштүн азыркы шартына ыктоого жөндөмдүү нравалык-укуктук чөйрөдөгү таалим-тарбия системасын өнүктүрүү боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу жана студенттерди билим берүү, социалдык, нравалык-укуктук ишмердик чегинде өнүктүрүү;
- студенттерди студенттик кошундун ишмердигине аралаштыруу аркылуу нравалык-укуктук маданиятты өнүктүрүүнү жүзөгө ашыруу жана аларды университеттин коомдук турмушуна активдүү катышууга тартуу [1, 228-б.].

Ар бир студент үчүн биринчи курстан нравалык тандоо негизинде маданий деңгээлин өзү аныктоого шарт түзүү жолу менен, ишмердүүлүктүн структураларын жана ЖОЖдогу карым-катышты кеңейтүү жолу менен билим берүү жана таалим-тарбияда рефлексивдик багыттуу чөйрөнү түзүүгө боло тургандыгын турмуш чындыгы көрсөттү. Жаңы чөйрөгө туш болгон студентке – өз учурунда жана келечегинде туруктуулукту, стабилдүүлүктү, ырааттуулукту камсыз кыла турган нравалык, императивдик укукка, чыныгы патриоттук сезимге, жарандык жоопкерчиликке негизделген турмуштук багытын жоготпоого көмөктөшүү зарыл.

Бул иштин аткарылышына ар бир окутуучу, куратор жеке жоопкерчиликти алып жүрөт. Л.С. Выгодскийдин пикирине таянып, О.В. Корбанович: ”Жаңы демократиялык билим берүүдө жеке ишмердигинин субъектиси катары тарбиялануучу негизги фигура болушу керек. Ал эми педагог анын жеке ишмердигине багыт берип, жетекчиликке алууга милдеттүү. Башкача айтканда, ”таалим-тарбия чөйрөсүн уюштурат,” - деп белгилеген. Бул аспектеги таалим-тарбия процесси тарбиялоо ишмердигинин шартын долбоорлоо, конструкциялоо, түзүү зарылдыгынан келип чыгат [2, 77-б.].

Жогорку окуу жайдагы студенттик кошундун негизги тапшырмаларынын бири болуп – студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандырууга, аны өз алдынча жүзөгө ашырууга жана эффективдүү, ийгиликтүү социалдашууга жагымдуу шарт түзүү болуп саналат. Студенттик өзүн-өзү башкарууга биринчи курстан катышуу менен студенттерде улам жаңы демилгелер пайда болуп, окуу жай турмушунда ар кандай маселелерди чечүү жоопкерчилигин өз моюнуна алууга бел байлай баштаашат.

Жогорку окуу жайдын чөйрөсүндө түзүлүп, иштеп жаткан өзүн-өзү башкаруу ал чөйрөгө өзгөчө сапатты – андагы субъектилерге өзүн-өзү башкаруу жөндөмүн берет. Тагыраак айтканда, жогорку окуу жайдын мейкиндигиндеги билим берүүнүн субъектилерине социалдык эффективдүү өнөктөштүк үчүн шарттын камсыздалышына жеткирет. Өз алдынча иш чараларды пландаштыруу, уюштуруу жана өткөрүү өз алдынча иштөө жөндөмүн өөрчүтүп, материалдык, каржылык жана адам ресурстарын башкарууга, долбоорлорду өз алдынча иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүнө жеткирип, аны өркүндөтөт. Студенттик өзүн-өзү башкаруу тарбиялык эле мааниге ээ болбой, социомаданий мазмунду да ала жүрөт. Бул эки ресурстун биргелешкен туйүнү жаштардын инновациялык потенциалын пайдалануудан, биринчи, жогорку окуу жайда өзүн-өзү өнүктүрүүгө, экинчиден, инновациялык организм катары өнүгүүгө жетишет. Ошондой эле билим берүү жана тарбия чөйрөсүнүн тарбиянын рефлексивдик багыттуу потенциалын жогорулатуу студенттик өзүн-өзү башкаруудагы “кызыкчылыгы боюнча клубга” кошулган институттун укук клиникасынын Ош мамлекеттик юридикалык институтунда ишин жакшыртат. Биздин окуу жайдагы студенттердин нравалык-укуктук маданиятын жогорулатуу максатында студентик өзүн-өзү башкаруу - ушул клубду түзгөн. Мында нравалык-укуктук темадагы ар кандай дискуссиялар, диспуттар өткөрүлүп турат. Негизги дискуссиялар “тегерек стол” форматында өткөрүлөт. Себеби, ал биздин окутуучулардын пикири боюнча баалуу багыттардын калыптанышынын бирден-бир эффективдүү ыкмасы болуп саналат [3, 276-б.].

Башкача айтканда, биздин бул жол тайпада демократиялык жагдайды жаратып, студенттер активдүү позицияны ээлешине шарт түзөт. Ал эми окутуучу бул жерде талкууну уюштуруп, ага багыт берип ортомчулук ролунда ойнойт. Ошону менен катар эле маселени талкуулоонун жүрүшүндө тайпалык бирдиктүү пикирдин иштелип чыгышы, баалуу пикирге урмат-сый менен жасалган мамиле көпчүлүк күткөн натыйжанын келип чыгышына негиз болот. Өткөрүлгөн диспут, дискуссиялардын жыйынтыгынан, ”тегерек столдун” жүрүшүндөгү өз ара биргелешип аракеттенүүдө студенттер бири-бирине урмат-сый менен мамиле жасагандыгы жылдан-жылга күч алып бара жаткандыгы байкалат. Бул клубга юристтер, социалдык кызматкерлер жана башка адистер атайын чакырылгандыгынын да мааниси чоң.

Студенттерде нравалык-укуктук маданияттын калыптандырылышы Ош мамлекеттик юридикалык

институтуна студенттик өзүн-өзү башкаруунун негизги ишмердигинин баардык багыттарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Тагыраак айтканда, кайрымдуулук иштеринин уюштурулушу жана өткөрүлүшү; юридикалык маселелер боюнча жардам көрсөтүү, студенттик салтанаттардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү; факультеттеринин өз ара карым-катышынын жакшыртылышы; өлкөбүздүн аймактык, шаардык коомдук иш чараларына катышуу. Кураторлук иш – жогорку окуу жайдагы окутуу-тарбиялоо ишинин бир формасы, биринчи курстан студенттер менен куратордун биргелешкен аракети эффективдүү система болуп эсептелет. Себеби, ал көптөгөн окуу- тарбиялык маселелерди чечүүгө негиз болот. Анын ичинде, студенттерге окууда жардам берүүгө, келип чыккан көйгөйлүү маселелерди жолго коюп, студенттерге турмуштук тажырыйба, билим, салт-санааны үйрөтүп, нравалык-укуктук жүрүм-турум жана алардын көз карашы боюнча белгилүү деңгээлде биргелешип иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мында куратордун негизги объектиси - студент жана анын индивидуалдык өзгөчөлүгү, потенциалдык мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Ошондуктан, биздин окуу жайда куратор – студентте нравалык-укуктук маданиятты калыптандыруучу негизги субъект, ошондой эле студенттер менен болгон окуу-тарбиялык иштеги системанын бир бөлүгү катары кабыл алынат.

Биз жүргүзгөн изилдөө ишибиздин контекстинде кураторлордун функцияларынын төмөнкүдөй белгилениши өзгөчө мааниге ээ:

1) биринчи курстун студенттерине жогорку окуу жайга адаптацияланууга жардамдашуу; студенттик тайпада кең пейилдүүлүк, достук, бири-бирине жардамдаша билүү чөйрөсүн түзүү;

2) этикалык жана башка актуалдуу темалар боюнча үзгүлтүксүз (апта сайын) кураторлук саат өткөрүп туруу;

3) студенттер жогорку окуу жайдын окуу системасына жаңы кирише баштаган учурда, жаңы социалдык статуска – студент статусуна ээ болгон учурда, алардын окуу жана окуудан тышкаркы жеке ишмердигинде жардам көрсөтүү.

Иш чараларды баштапкы күндөрү куратор өзү уюштуруп, акырындап студент-активисттерди нравалык-укуктук ишмердикке тартып, биринчи семестрдин акырында активисттерге жооптуу тапшырмаларды берүүгө жетише тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Ошондуктан, студент менен куратордун ортосунда диалогдук карым-катыштын негизинде өз ара мамиленин курулушу зарыл. Себеби, мына ушундай карым-катыш адамга эгоцентристик курулуштан шериктешүү курулушуна өтүүгө негиз болот [4, 63-б.].

Жыйынтыктап айтканда, жогорку окуу жайдагы билим берүү жана тарбия чөйрөсү – бул студенттердин нравалык жана укуктук аң-сезиминин өнүгүшүнө, нравалык-укуктук ишмердигинин активдешүүсүнө негиз боло турган, нравалык-укуктук баалуулуктарга багытталган, ”субъект менен субъекттин” (“педагог – студент”, “куратор – студент”, ж.б.у.с.) ортосунда курулган карым-катыштын негизинде пайда болгон позитивдүү студенттердин нравалык-укуктук маданиятына натыйжалуу таасир берүүгө багытталып уюштурулган система. Ал төмөнкүдөй педагогикалык потенциалдарга ээ: нравалык-укуктук баалуулуктарга негизделген студенттердин турмуштук багытын иштеп чыгуучу социалдык-гуманитардык сабактарды интеграциялоо мүмкүнчүлүгүнө, студенттердин көз карашын жана позициясын өркүндөтүүгө негиз боло турган маселелер.

**Адабияттар:**

1. Сахарова Л.А. Проблемы воспитания студенческой молодежи. // Актуальные вопросы современной науки. - №2. - Чебоксары, 2012. - С. 228-331.
2. Корбанович О.В. Современные подходы к формированию воспитательной пространствы вуза. - М., 2013. - С. 76-79.
3. Бабаева А.Д. Педагогические основы нравственного воспитания студентов вуза. / Республиканский научно-теоретический журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №11. - Б., 2016. - С. 275-277.
4. Бабаева А.Д. Формирование правовой культуры и образования будущих учителей. Республиканский научно-теоретический журнал «Известия вузов Кыргызстана», №6. - Бишкек, 2015. - С.61-64.

**Рецензент: к.пед.н. Жусупова Н.**